**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 30-майда болуп өткөн иш берүүчүлөр менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 18

**Күн тартиби:**

1. Стейкхолдерлердин суроо-талаптарын, сунуштарын угуу жана НББПга сунуштоо

**Угулду:** Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев стейкхолдерлерге факультеттин бакалавр жана магистратура бөлүмдөрү боюнча маалымат берди. Ошондой эле катышуучуларга стейкхолдерлер менен тааныштырды.

1. Шаимкулов О.А. – п.и.к., доц. ИПКнын директору;

2. Эсенов Улан – Ош шаардык БББнын кыргыз тили каанасынын башчысы;

3. Жумаева Жаннат. – ф.и.к., доцент, ОшМПУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы;

4. Байтикова Бактыгүл – индустриалдык-педагогикалык колледжинин кафедра башчысы;

5. Саттарова Азиза – п. и. д,ОшТУнун кыргыз тили жана орус тили кафедрасынын башчысы;

6. Сайбиева Элмира – Кара-Суу районундагы К.Бердибеков атындагы орто мектебинин директору;

7. Раимбекова Чынара – ОшББИнин кыргыз тили каанасынын башчысы;

**Сөзгө чыккандар**:

ИПКнын директору п.и.к., доц. Шаимкулов О.А. – Саламатсыздарбы, кесиптештер? Бүгүнкү күндө кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин бүткөн магистрлердин ишмердүүлүктөрү жөнүндө айтып өтсөм. Биздин колледжде факультетти бүткөн бүтүрүүчүлөр иштеп жатышат. Алардын билими, уюштуруучулугу, жоопкерчилиги, методикалык ишмердүүлүгү талапка жооп берет. Сунуш катары факультеттин магистрлери документация жүргүзүү боюнча көндүмгө ээ болуш керек, заманбап компетенттүү мугалим болуп чыгыш керек. Филологиялык билим берүү багытында билим берүү процессин инновациялап уюштурууну, долбоор жазуунун ыкмаларын өздөштүрүүсү керек.

Саттарова Азиза – п. и. д ОшТУнун кыргыз тили жана орус тили кафедрасынын башчысы; – Саламатсыздарбы? Биздин университетте да кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин бүтүргөн бүтүрүүчүлөр иштеп жатышат. Мен жакшы жагынан

гана көрө аламын. Мен мамлекеттик аттестацияда комиссиянын төрайымы катары келип, жалпы магистр, студенттердин билимин баалаганга катышканмын. Сунуш катары бүтүрүүчүлөр ар кандай форматтагы семинарларды, тренингдерди, конференцияларды пландаштырууну билип, квалификацияны жогорулатуунун түрдүү этаптарын пайдаланышса жакшы болмок. Ошондой эле квалификациялык жана магистрдик иштерди жаздырууда кыйынчылыктарды жоюу максатында, илимий макалаларды, иштерди жазуунун методикасын үйрөтүүчү дисциплиналар киргизилсе жакшы болмок.

Сайбиева Элмира – Кара-Суу районундагы К.Бердибеков атындагы орто мектебинин директору; – Саламатсыздарбы, агайлар-эжекелер? Мен да бүтүрүүчүлөргө токтолуп кетсем, жогоруда айткандай эле магистратураны бүткөн бүтүрүүчүлөр билим берүү мекемелеринде башкаруу-уюштуруучулук көндүмгө ээ болушу керек, себеби алар мектеп директору, завучу болуп иштеп калышы мүмкүн. Ошондо үйрөнгөн компетенцияларды өздөрүнүн иш-тажрыйбасында колдонушат.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Иш берүүчүлөрдүн жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Иш берүүчүлөрдүн төмөнкү сунуш-пикирлери эске алынсын:

1) Билим берүү мекемелеринде башкаруу-уюштуруучулук көндүмгө ээ болушу керек;
2) Ар кандай форматтагы семинарларды, тренингдерди, конференцияларды пландаштырууну билиши керек;
3) Филологиялык билим берүү багытында билим берүү процессин инновациялап уюштурууну, долбоор жазуунун ыкмаларын өздөштүрүүсү керек;

**3.** Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

30-май, 2022-жыл